**Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 2023-жылдын 22-апрелде болуп өткөн чогулушунан**

**к ө ч ү р м ө**

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

Катышканы – 12

**Күн тартиби:**

1. ОшМУнун миссиясын талкуулоо

**Угулду:** факультеттин деканы, доцент Н.Турганбаев жалпы стейкхолдерлерге университеттин миссиясы менен тааныштырды. ОшМУнун миссиясы – жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ болгон жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуучу заманбап адистерди даярдоо. Ушул миссия боюнча өз оюңуздарды айтсаңыздар. Кандай сунуштарыңыздар бар?

**Сөзгө чыккандар**: п.и.к., доц. Шаимкулов О.А. – Саламатсыздарбы, кесиптештер? Университеттин миссиясы өзгөргөндүгүнө байланыштуу, азыркы миссия боюнча өзүмдүн сунушумду айтсам. Миссияда замандын талабына ылайык мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошкон адистерди даярдоо деген пикирге кошуламын. Ушуга байланыштуу негизги билим берүү программасы, анын максаттары, окутуунун натыйжаларынын мазмунуна да кошумча өзгөрүүлөр киргизилиши керек.

ОшКӨЭУнун доценти, ф.и.к. Исмаилова Б.: - Саламатсыздарбы? Мен ОшМУнун миссиясын колдойм. Кесипке даярдоодо адамзаттык баалуулуктарды эске алуу менен жаштарды тарбиялоого салым кошкон болобуз. Азыр заманга жараша адистерди ар тараптуу даярдоо зарылдыгы турат. Бирок биринчи кезекте адистен мурда мыкты инсан болуш керек. Демек, ар бир адистиктерде окуган студенттер адамзаттык, анын ичинде улуттук баалуулуктарды сактап, улут катары өзүн сыймыктуу алып жүрүүсү абзел.

УТРК-Ош бөлүмүнүн сайтынын башкы редактору Маматжанова З. – Саламатсыздарбы? Университеттин миссиясындагы маалыматтар окуп жаткан студенттердин билимин, өсүп-өнүгүүсүн, жалпы иш-аракетин толугу менен камтыйт. Эгерде миссиядагыдай студенттер окуу жайды бүтсө, анда алардан компетенттүү, кесипкөй адистер чыгат. Алар заман талабына ылайык ар тараптуу өнүгүүгө багыт алган, гумандуу адистер болуп саналат. Миссияга жараша окуу программасына, окуу пландарга өзгөртүүлөр киргизилиши күтүлөт.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдошту жана жана төмөндөгүдөй

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

1. ОшМУнун миссиясы талкууланып, колдоого ээ болуп жактырылсын.
2. ОшМУнун миссиясына ылайык НББПга, максаттарына, окутуунун натыйжаларына өзгөртүүлөр киргизилсин.

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

**Көчүрмө анык.**

Катчы: Заирова Н.

22-апрель, 2023-жыл